**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №1-ТОКТОМУ

19.07.2023-ж. Базар-Коргон шаары

## Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2023-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын 6(алты) айлык отчётун угуу жана 2023-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 117-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновдун Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2023- жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын 6(алты) айлык отчетун жана Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2023-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө маалыматын угуп, жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Базар-Коргон шаарынын мэри Т. Осмоновдун Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2023-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышынын 6(алты) айлык отчёту канааттандырарлык деп табылсын.

2. Базар-Коргон шаардык мэриясынын 2023-жылдын экинчи жарым жылдыгына карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү төмөндөгүдөй бекитилсин.

Киреше бөлүгүнүн киреше салыгына 9000,0 миң сом, иштетилбей калган жана үнөмдөлгөн акча каражаттары 11220,0 миң сом жана максаттуу трансфер 12062,3 миң сом жалпысы болуп 32282,3 миң сом түшкөн акча каражаты чыгаша бөлүгүнө отургузулсун:

а) ММБ департамент ишканасына эмгек маянасы үчүн 1500,0 миң сом бекитилсин.
б) Суу түшкөн көчөлөргө шагал төгүү үчүн 600,0 миң сом бекитилсин.
в) Электр энергиядан болгон карыз үчүн 1210,0 миң сом бекитилсин.
г) №30 Ө. Атабекова атындагы гимназия мектебинин жылуулук ишканасына болгон карызы үчүн 400,0 миң сом бекитилсин.
д) Борбордук айлампадан болгон карыз үчүн 1250,0 миң сом бекитилсин.
ж) Алдын ала каралбаган чыгымдар үчүн 240,0 миң сом бекитилсин.
з) Компьютер сатып алуу үчун 100,0 миң сом бекитилсин.
и) Көмүр сатып алуу үчун 400,0 миң сом бекитилсин.

й) Ижара акы үчүн 100,0 миң сом бекитилсин.
к) А.Текебаев көчөсүндөгү тосмолорду сырдоо учүн 200,0 миң сом бекитилсин.
л) СПА Мурап жана Оби-Хаёт ишканаларына колдоо көрсөтүү үчүн 200,0 миң сом бекитилсин.
м) Мэриянын имаратын учурдагы ремонтоо үчүн 400,0 миң сом бекитилсин.
н) 2024-жылга карата кылына турган жумуштар үчүн проект сметага 1750,0 миң сом бекитилсин.
о) Лизинг аркылуу техника сатып алуу үчүн 1500,0 миң сом бекитилсин.
п) Көчөлөргө түнкү жарыктандыруу орнотуу үчүн 1000,0 миң сом бекитилсин.
р) У.Колдошова атындагы орто мектепке кошумча класс куруу үчүн 1000,0 миң сом бекитилсин.
с) Археолог кызматы үчүн 100,0 миң сом бекитилсин.
т) Тазалык ишканасына субссидия үчүн 950,0 миң сом бекитилсин.
у) Светофорлорду ремонттоо үчүн 400,0 миң сом бекитилсин.
ф) Көп кабаттуу үйлөрдүн алдына балдар үчүн аллея куруу жана жашылдандыруу, көрктөндүрүү үчүн 3900,0 миң сом бекитилсин.
х) Таза суу ишканасына субсидия 100,0 миң сом бекитилсин.
ц) Борбордук парктын ичинде жайгашкан скважинаны иштетүү үчүн Таза суу ишканасына субсидия 2000,0 миң сом бекитилсин
ч) Базар-Коргон шаарынын аксакалдар сотуна 20,0 миң сом бекитилсин.
ш) Шайыр апаларды колдоо үчүн 100,0 миң сом бекитилсин.
щ) Столба жана Зым сатып алуу үчүн 300,0 миң сом бекитилсин.
ъ) Жол белгилерин куруу үчүн 100,0 миң сом бекитилсин.
ы) Шаар кеңешине стенограмма (видеокамера) сатып алуу үчүн 100,0 миң сом бекитилсин.
ь) Ж.Асанов конушунун көчөлөрүндөгү бетондорду алып иретке келтирүү үчүн 300,0 миң сом бекитилсин.
э) Ген план жана топосьемка жасатуу үчүн 12062,3 миң сом бекитилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги XXI-сессиясынын**
**№2 -ТОКТОМУ**

19.07.2023-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесине, 117-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI- сессиясы **токтом кылат :**

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын ФЭБнун башчысынын берген билдирүүсүнүн негизинде 2023-жылдын II-жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

а) 70629 - разделдин 3111-статьясынан -6763,0 миң сом
б) 70629 - разделдин 3112-статьясынан -917,0 миң сом
в) 70111 - разделдин 2221-статьясына +400,0 миң сомго
г) 70111 - разделдин 3112-статьясына +200,0 миң сомго
д) 70629 - разделдин 2221-статьясына +420,0 миң сомго
ж) 70629 - разделдин 2511-статьясына +4660,0 миң сомго
з) 70921 - разделдин 2224-статьясына +400,0 миң сомго
и) 70921- разделдин 2231-статьясына +1600,0 миң сомго

Жалпысы болуп +7680,0 миң миц сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт,стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын**
**№3 -ТОКТОМУ**

19.07.2023-ж. Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2023-жылга карата бекитилген жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын №59 Бюджеттик кодексинин 78-беренесин, 117-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123-мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун аткарууга алуу менен, Базар-Коргон шаардык кенешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна ылайык, Базар-Коргон шаарынын депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI- сессиясы **токтом кылат :**

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын берген билдирүүсүнүн негизинде 2023-жылдын экинчи жарым жылдыгына карата жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнө төмөндөгүдөй отургузулсун.

   а) Максаттуу трансфер +12062,3 миң сом

   б) 70111-разделдин 2215-статьясына +12062,3 миң сомго

Жалпысы болуп +12062,3 миң сом акча каражаты жогоруда көрсөтүлгөн разделдин элементтерине отургузулсун.

**2.** Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
**3.** Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.

4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №4 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

### Базар-Коргон шаарында мүлк салыгын колдонуууга киргизүүнү бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Салык Кодексин колдонууга киргизүү жөнүндөгү" мыйзамынын 3-беренесинин 2-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик Салык кызматынан келген катты аткарууга алып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын кортундусун жана 05.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/501 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясында 2023-жылдын 1-январынан тартып Мүлк салыгын колдонууга киргизүү төмөнкүдөй бекитилсин.
   а) Салык Кодексинин 388-беренесинин 1-пунктуна негиз имараттар, курулмалар жана жайлар үчүн мүлк салыгын эсептөө үчүн зоналык коэффициенттин салык наркы Кз-1,0 барабар бекитилсин.
   б) Салык Кодексинин 404-беренесинин 4-пунктунда көрсөтүлгөндөй калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгын эсептөө үчүн зоналык коэффициенттин Кз-салыктык наркы 1,2 өлчөмдө бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жана мэриянын киреше бөлүмүнүн башчысы Т.Мурзакановго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад облаcттык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жоопту катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын
## №6 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

### Финансы-кредиттик фонд менен жаңы келишимге кепилдик кат берүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренеси, 45-беренеси Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2017-жылдын 5-октябрындагы №649-токтомун аткарууга алып, Базар-Коргон айылдык Кеңешинин VII-чакырылышынын кезектеги XIII-сессиясынын №6-токтомуна негиз, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун жана депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Каржы министирлигине караштуу Финансы-кредиттик фонд менен 2019-жыл 18-мартындагы №3-207-812-01/2019-32 сандуу келишимдин негизинде жаңы келишим түзүүгө Базар-Коргон шаар мэриясы тарабынан 6 575 429,5 сом суммадагы кепилдик кат берүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана мэриянын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Рахмоналиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика, ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85, тел: (03736) 5-00-53 — г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85, тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын**
**№7 -ТОКТОМУ**

19.07.2023-жыл — Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаарынын А. Хакимжанов, Манас жана К.Бегимкулов көчөлөрүнүн автоунаа жолдорун кайра калыбына келтирүүгө (асфальт бастыруу) боюнча, түзүлгөн долбоор жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, 45-беренесинин 1-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт, стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын кортундусуна жана 01.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/494 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын А. Хакимжанов, Манас жана К.Бегимкулов көчөлөрүнүн автоунаа жолдорун кайра калыбына келтирүүгө (асфальт бастыруу) боюнча, түзүлгөн долбоор жактырылсын жана Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондуна сунушталсын.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кенешинин бюджет-экономика,ишкердикти колдоо, транспорт,стоянка, тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Нуркамиловго милдеттендирилсин.

**Төрага** — **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №8 -ТОКТОМУ**

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Курулуш, жол жана транспорт департаментин уюштуруу жана Жобосун бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27,28-беренелерин жана “Базар-Коргон шаарынын статусу жөнүндө” мыйзамын аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна жана 05.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/510 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI -сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар мэриясынын алдында “Курулуш, жол жана транспорт департаменти” уюштурулуп, Жобосу бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Ушул токтомду Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын
## №9 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Шаар аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалыкты сактоо боюнча типтүү Жобону бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27, 34-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна жана 05.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/505 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. “Шаар аймагында көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалыкты сактоо боюнча типтүү Жобо” бекитилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №10 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

## Муниципалдык менчиктеги жер аянттарын жеке менчикке сатууга убактылуу мораторий жарыялоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 2, 18, 19-беренелерин аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна жана 01.06.2023-жылкы чыгыш №01-17/487 саны менен катталган Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI -сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык менчиктеги жер аянттарын жеке менчикке сатууга убактылуу 5(беш) жылдык мөөнөткө мораторий жарыялансын.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Р.Каимовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

# Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №11 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Бала-бакчаларга кошумча тайпа ачуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктун, 29-беренесинин 6-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө“ мыйзамын, Базар-Коргон шаарынын 2023-жылга карата социалдык-экономикалык өнугүү программасын аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар, жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын Сай-Коргон участкасында жайгашкан № 36 “Ай көл “ мектепке чейинки билим берүү уюмуна, Жети-Кошкон айылындагы №35 “Мадина” мектепке чейинки билим берүү уюмуна жана Совет айылындагы № 3 “Ак Бермет” мектепке чейинки билим берүү уюмуна 1(бир) ден кошумча тайпа ачууга уруксат берилсин.
2. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарына кошумча жаңы тайпалар ачылгандыгына байланыштуу тамак-аш,көмүр-отун жана инвентарлар менен камсыз кылуу жагы Базар-Коргон шаар мэриясына жүктөлсүн.
3. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жүктөлсүн.
4. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
5. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин социалдык, мектеп, бала бакча, жөлөк пул маселелери, маданият, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы Г.Базаркуловага милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

## Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясынын №12 -ТОКТОМУ

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаар аймагындагы бош жана кароосуз жаткан жер аянтарды мэриянын муниципиалдык менчик реестрине киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктун, 45-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамынын 9-беренесинин 3-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаар аймагындагы бош жана кароосуз жаткан жер тилкелерин жана аянтарын мэриянын муниципиалдык менчик реестрине тиркемелерге ылайык киргизилсин. Тиркеме №1, Тиркеме №2, Тиркеме №3 тиркелет.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад областтык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага** **К.К. Анарбеков**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
БАЗАР- КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

**Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын
кезектеги XXI-сессиясынын
№13 -ТОКТОМУ**

19.07.2023-жыл Базар-Коргон шаары

Базар-Коргон шаарындагы Сайдуллаев көчөсүнөн Б.Осмонов көчөсүнө өтүүчү альтернативалык автоунаа жолун куруу үчүн, өз ара жер аянттарын алмаштыруу келишимин түзүүгө макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүу өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун, 45-беренесинин 1-пунктун, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 68-беренесинин 4-пунктун аткарууга алып, Базар-Коргон шаарынын мэри Т.Осмоновдун катына жана Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги XXI-сессиясы **токтом кылат**:

1. Базар-Коргон шаарынын борбордук көчөлөрүндөгү автоунаа тыгындарын жоюу максатында, Сайдуллаев көчөсүнөн Б.Осмонов көчөсүнө өтүүчү альтернативалык автоунаа жолун куруу үчүн Базар-Коргон шаарынын Сайдуллаев көчөсүнүн №3 дарегинде жайгашкан 3-02-02-0008-0255 сыр белгисиндеги Абасов Абдуллох Толонбаевичдин жеке менчигиндеги жеке турак жай куруу багытындагы жер аянтынын ичинен узуну 12,50 метр туурасы 22,0 метр (12,50х22,0=275,0) жалпысы болуп 275,0 чарчы метр жер аянтын муниципалдык менчикке кабыл алуу менен альтернативалык автоунаа жолун куруу үчүн муниципалдык менчикке кабыл алган жер аянты үчүн Базар-Коргон шаарынын мэриясына караштуу Жети-Кошкон участкасынан жеке менчик турак жай куруу үчүн 800,0 чарчы метр жер аянтын А.Т. Абасовго ажыратып берүү боюнча өз ара жер аянттарын алмаштыруу келишимин түзүүгө макулдук берилсин.
2. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри Т.Осмоновго жана Базар-Коргон шаар мэриясына караштуу муниципиалдык менчикти башкаруу департаментинин башчысы Н.К.Мамбеталиевге жүктөлсүн.
3. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаарынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
4. Аталган токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Жалал-Абад облусттык Адилет башкармалыгына каттоого берүү, шаардык кеңештин жооптуу катчысына жүктөлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаардык кеңешинин агрардык, айыл-чарба, муниципалдык, жайыт жерлер, архитектура, курулуш, кадастр, экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Т.Мирзахмедовго милдеттендирилсин.

**Төрага К.К. Анарбеков**